**КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫ**
**ЖАЛАЛ-АБАД ОБЛАСТЫ**
**СУЗАК РАЙОНУ**
**БАГЫШ АЙЫЛ АЙМАГЫНЫН**
**БАГЫШ АЙЫЛДЫК КЕҢЕШИ**

**КЫРГЫЗСКАЯ РЕСПУБЛИКА**
**ЖАЛАЛ-АБАДСКАЯ ОБЛАСТЬ**
**СУЗАКСКИЙ РАЙОН**
**БАГЫШСКИЙ АЙЫЛНЫЙ КЕНЕШ**
**БАГЫШСКОГО АЙЫЛНОГО АЙМАКА**

## ЭЛ ДЕПУТАТТАРЫНЫН БАГЫШ АЙЫЛДЫК КЕҢЕШИНИН VIII ЧАКЫРЫЛЫШЫНЫН КЕЗЕКТЕГИ XXI СЕССИЯСЫ

## ТОКТОМ

24-август 2026-жыл **№ 2** Октябрь айылы

**Багыш айыл өкмөтүнүн аймагындагы Жыгач-Коргон айылында жайгашкан “Асыл Ай” мүмкүнчүлүгү чектелген жарандардын коомдук бирикмесинин имаратын Багыш айыл өкмөтүнүн балансына өткөрүү жөнүндө.**

Багыш айыл өкмөтүнүн 2026-жылдын 26-июнундагы № 01-15/100 сандуу катын негиздеп, Багыш айылдык кеңешинин агрардык саясат, өзгөчө кырдаалдар, экология, курулуш, архитектура жана коммуникациялар боюнча туруктуу комиссиясынын протоколдук чечимин угуп талкуулап, Багыш айылдык кеңешинин кезектеги XXI сессиясы **токтом кылат:**

1. Багыш айыл өкмөтүнүн 2026-жылдын 26-июнундагы № 01-15/100 сандуу катынын негизинде Багыш айыл өкмөтүнүн аймагындагы Жыгач-Коргон айылында № 335 контурунда жайгашкан “Асыл Ай” мүмкүнчүлүгү чектелген жарандардын коомдук бирикмесинин имаратын Багыш айыл өкмөтүнүн балансына өткөрүүгө уруксат берилсин.
2. Багыш айыл өкмөтүнүн аймагындагы Жыгач-Коргон айылында № 335 контурунда жайгашкан “Асыл Ай” мүмкүнчүлүгү чектелген жарандардын коомдук бирикмесинин имаратын Багыш айыл өкмөтүнүн балансына өткөрүүгө тиешелүү иш кагаздарын даярдоо жагы айыл өкмөтүнө милдеттендирилсин.
3. Токтомдун атарылышын камсыздоо жагы Багыш айыл өкмөтүнүн башчысы Э.Таевге милдеттендирилсин.
4. Токтомдун аткарылышын көзөмөлдөөнү Багыш айылдык кеңешинин туруктуу комиссиясынын төрагасы Ж.Сейдахатовго жүктөлсүн.
5. Токтом Багыш айыл өкмөтүнүн расмий сайтында жарыялангандан жана юстиция органдарынан каттоодон өткөрүлгөндөн тартып өз күчүнө кирет.

**Төраганын орун басары** **Ч.Мурзаканов**